23-сентябрь, 2021-жыл
e-mail: miratt78@mail.ru

## Ак-Талаа району

# Ары сырдуу, ары касиеттүү көлдөр

**Чолок-Кайың айылына караштуу Кашка-Суу жайлоосунда көргөндүн көз жоосун алган кичи көлдөр жайгашкан. Негизинен Беш-Көл аталган көлдөрдүн чоңу Самын-Көл, Көк-Көл жана Мазар-Көл. Самын-Көл - көлдүн түбүндөгү таштар самын сымал тайгак болгондон улам жергиликтүү тургундар Самын-Көл деп атап алышкан. Көк-Көл - бул суусу таза, тунук болуп, алыстан караганда ар дайым көпкөк болуп тургандыгынан Көк-Көл аталып, тереңдиги 9-11 метрди түзөт. Кийинкиси - Мазар-Көл. Өткөн мезгилдерде Куркурак-Зоонун айланасында жашаган эл бул көлдү мазар катары ыйык тутуп, сыйынганы айтылат. Ушул убакка чейин Мазар-Көлгө сыйынуу үчүн келгендер көп.**


Дегеле, кыргыз эли жер-суунун аттарын кандайдыр бир тарыхка таянып атоо менен, анын уламыш, санжыраларын саймедиреп келишет эмеспи. Ошондон улам, бул көлдөрдүн тарыхый баянын сурап, бир топ жыл мугалимдик кесипти аркалаган ардагер Олег Итикулов аксакалга кайрылдык.

-Негизинен Самын-Көл, Мазар-Көл жана Көк-Көл деген үч көл бар. Тосмо көлдөрдүн катарына кирет. Жер астында физикалык кубулуш болгон мезгилде тоо этектери ылдый жылып, тектирлер пайда болуп, жогоруда жактан агып түшкөн булак суулары бул көлдөрдү пайда кылган. Андан башка дагы Базарбай-Көл сыяктуу майда көлдөр орун алган. Булар геологиялык жактан иликтенсе керек. Мен ага токтолбой эле коёюн. Өзүм географ болгондуктан бул көлдөргө кызыгып, санжыра айткан карыялар: Бейше Нурманбетов деген кыйын мергенчиден, санжырачы Жумабек Досоевден жана өзүмдүн атамдан уккан элем. Алардын көзү өтүп кетти. Айтууларына караганда «бул көлдөр жайгашкан жерде илгери жергиликтүү калк жашаган. Силердин ата-бабаңар ушул жерде кыштап, жайлачу» деп айтып калышар эле. Мен дагы барганда байкап жүрөм. Кашка-Суудан кечип чыкканда Шаты бейит деген бар. Жер жылганда секи-секи (тепкич сымал) болуп калган жер. Ошол жерге каза болгон адамдардын сөөгүн жашырышкан. Бүгүнкү күнгө чейин мүрзөлөр турат", - деди О.Итикулов.

Мындан тышкары О.Итикулов Мазар-Көлдүн сыры тууралуу айтты.

-Мазар-Көл өзүнчө касиетке ээ, сырдуу көл. Берки көлдөргө караганда караңгыда деле, жарыкта деле жанынан өтүп бара жатканда сүрдүү көрүнөт. Илгери ата-бабаларыбыз бул көлдүн ээси бар деп айтышчу экен. Бири көлдүн ээси аппак коён десе, бири ак кийик көргөндүгүн айтып калышчу. Айрым адамдардын байкоосуна караганда, көлдүн жанынан шамал, жел болбой турса деле жылуу аба адамдын бетин аймалап кеткенине дуушар болдум деп айтып калгандарын уккан элем. Ошондон улам Мазар-Көл аталып, эл бул жерге тилек айтып, сыйынып, балалуу боло албай жүргөндөр балалуу болуп, ооругандар оорусунан сакайып кеткен учурлар болгон дешет. Ал кезде азыркыдай техникалар, унаалар жок. Эл жөө, атчан жүрүшүп көлдүн сырын, касиетин көп байкашса керек. Азыркы учурда автоунаалар менен барышып, дүңкүлдөтүп музыка коюп алышып байкабай жүрүшсө керек.

Өзү көзгө атаар мергенчи, көп жылдар бою малчы болуп жүргөн Жумабек Досоев аксакалдын каза болуп калган Жээнбү деген кызы болгон. Жумабек аксакал көлдүн жанынан атчан өтүп бара жатса, кызынын арбагы жолугушууга чакыргандыгын, кудайдын буйругу менен 35-40 жылдан кийин кызынын арбагы менен жолуккандыгын айтып берген эле. Илгери чоң атам көлдүн үстүндө шам күйүп, ары-бери жылып тургаанын көрчү экен, -деп сөзүн аяктады Олег аксакал.



Албетте, мунун канчасы жалган, канчасы чын көзү менен көргөн, байкап жүргөн гана адамдарга маалым. Биз болгону эл оозунда айтылып калган баяндарга кызыгып, сурамжылап көрдүк.